**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

---

# ТОКТОМ

**28-июл 2026-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X сессиясынын**

**№ 1- токтому**

## “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу лизинг жолу менен атайын техниканы сатып алуу жөнүндө

Кыз-Көл айыл аймагынын аймагында автотехниканын жетишсиздигине байланыштуу, атайын техникаларды лизинг жолу менен “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу алуу зарылдыгы жөнүндө Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн маалыматын угуп, талкуулап Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык Кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1**.Финансылык ижара (лизинг) келишиминин негизинде “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому аркылуу жалпы баасы 17 721 000 (Он жети миллион жети жүз жыйырма бир миң)сом, жылдык 11 (он бир) пайыздык үстөк менен, 5 жылдык мөөнөткө төмөнкү техникаларды алууга макулдук берилсин:

-Экскаватор SDLG E7150 – 9 801 000 сом
- Мусоровоз FAW – 3 870 000 сом
- Самосвал FAW – 4 050 000 сом

**2**.Лизингдин жалпы баасынан 10(он) пайыз өлчөмүндөгү өздүк салым -1 772 100 (бир миллион жети жүз жетимиш эки миң жүз) сом камсыздалып берилсин.

**3.** Өздүк салымынан тышкары, лизинг жолу менен алынган техникаларды бажы жагынан жол-жоболоштуруу, каттоо, лизингдин бүткүл мөөнөтүнө камсыздандыруу жана башка тиешелүү чыгашалар айыл өкмөтүнүн өз эсебинен каржылансын.

**4**.”Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана ага байланыштуу документтерге кол коюу укугу айыл өкмөтүнүн башчысына ыйгарылсын.

**5**.Лизинг боюнча төлөмдөр 5 жыл аралыгында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, айыл өкмөтүнүн бюджетинен төлөнсүн

6. Атайын алынган техникалар Муниципалдык ишканага келишимдин негизинде пайдаланууга өткөзүлүп берилсин.

**7**.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы С.Абдурасуловго жүктөлсүн жана өзгөчө көзөмөлгө алынсын.

**Төрага:** **К.Кушбаков**